КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

14.04.2022-ж. Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезексиз XIII-сессиясынын**
**№ 1-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын А.Текебаев көчөсүнүн борбордук базардын кун чыгыш тарабындагы 58,42 чарчы метр жер тилкеси реестрге киргизүү жөнүндө

Базар-Коргон шаар мэри Төлөнов И.А., Базар-Коргон шаарынын А.Текебаев көчөсүнүн борбордук базардын күн чыгыш тарабындагы Ч № 680123 сериясындагы идентификационный код № 3-02-02-0001-0195 сыр белгисиндеги 58,42 чарчы метр жер тилкесин Базар-Коргон шаар мэриясына 290 000 миң сом өлчөмүндө балanска алууга шаар мэринин каты, Базар- Коргон районунун прокурорунун сунушу, Базар-Коргон шаардык кенешинин агрардык, айыл чарба, муниципиалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиянын сунушу, Базар-Коргон шаар мэриясынын башкы адиси - юрист Раев К, жетектөөчү адис- жер адиси Калыков М. жана ММБД башчысын корутундуларынын негизинде Базар-Коргон шаар муниципиалдык менчигинин реестрине киргизүү жөнүндөгү сунуштарды жана корутундуларды Базар-Коргон шаардык кенешинин I-чакырылышынын кезексиз XIII-сессиясында угуп, талкуулап **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаарынын аймагында жайгашкан А.Текебаев көчөсүнүн борбордук базардын кун чыгыш тарабындагы 58,42 чарчы метр жер тилкесин Кыргыз Республикасынын кодекстерине жана мыйзамдарынын негизинде Базар-Коргон шаар муниципиалдык менчигинин реестрине киргизилсин.

2. Базар-Коргон шаарынын аймагында жайгашкан А.Текебаев көчөсүнүн борбордук базардын күн чыгыш тарабындагы 58,42 чарчы метр жер тилкесин Кыргыз Республикасынын кодекстерине жана мыйзамдарынын негизинде Базар-Коргон шаар муниципалдык менчигинин реестрине киргизүү жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Төлөнов.И. жана Базар-Коргон шаар мэриясына караштуу муниципиалдык менчикти башкаруу департаментинин башчысы Мамбеталиев Н.К. жүктөлсүн.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамына ылайык, Базар-Коргон шаарын мэриясынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

4. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы жооптуу катчыга милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык Кеңешинин төрагасынын орун басары М. Артыковго милдеттендирилсин.

**Базар-Коргон шаар**
**кеңешинин төрагасы:** **Садыков З.Ш.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

14.04.2022-ж. Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезексиз XIII-сессиясынын**
**№ 2 –ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун 2022-жылдын 24-февралындагы “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндөгү” № 54 Жарлыгы боюнча жергиликтүү Жобону кабыл алуу жөнүндөгү

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун 2022-жылдын 24-февралындагы “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндөгү” № 54 Жарлыгына ылайык жана Базар-Коргон шаарынын мэри И.А. Төлөновдун сунушунун негизинде, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XIII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун 2022-жылдын 24-февралындагы “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндөгү” № 54 Жарлыгы аткарууга алынсын.
2. Базар-Коргон шаарынында ыксыз чыгымдарга чектөө киргизүү, маркумду акыркы сапарга узатуу, той аштарда ашыкча каада салттарды чектөө боюнча Жобо алымча-кошумчасы менен кабыл алынсын.
3. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри И.А. Төлөновго жүктөлсүн.
4. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамына ылайык, Базар-Коргон шаарын мэриясынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
5. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы жооптуу катчысы А. Жалиловго милдеттендирилсин.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Базар-Коргон шаар**
**кеңешинин төрагасы:** **Садыков З.Ш.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

14.04.2022-ж. Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезексиз XIII-сессиясынын**
**№ 3 –ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынындагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы тарбияланып жаткан балдардын тамак-ашына ата-энелерден берилүүчү салымды жогорулатуу жөнүндөгү

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123-мыйзамына, Базар-Коргон шаарынын мэри И. Төлөновдун жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин Социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул, маданият, коомдук уюмдар, жергиликтүү жамаатар менен байланыш ЖМК боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарына ылайык, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XIII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаарынындагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы тарбияланып жаткан балдардын тамак-ашына ата-энелерден берилүүчү салымды 25 сомдон 2022-жылдын 1-майынан баштап 30 сомго жогорулатуу жактырылсын.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри И.Төлөновко жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамына ылайык, Базар-Коргон шаарын мэриясынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы жооптуу катчысы А. Жалиловго милдеттендирилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Базар-Коргон шаар**
**кеңешинин төрагасы:** **Садыков З.Ш.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

14.04.2022-ж. Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезексиз XШ-сессиясынын**
**№ 4 –ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарындагы Беш-Бадам участкасынын аты жок көчөсүнө Улуу Ата-Мекендик согуштун ардагери Абдалов Садыктын ысымын берүү жөнүндөгү

“Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасынын географиялык аталыштары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 сандуу “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы администрациялык аймактык түзүлүштүн маселелерин жана географиялык аталышын кароо боюнча ведомстволор аралык комиссия жөнүндө” токтомунун негизинде, Базар-Коргон шаардык кеңешинин Социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөкпул, маданият, коомдук уюмдар, жергиликтүү жамааттар менен байланыш ЖМК боюнча туруктуу комиссиясынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 0112/230 корутундусун карап чыгып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XШ-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаарындагы Беш-Бадам участкасынын аты жок көчөсүнө Улуу Ата-Мекендик согуштун ардагери Абдалов Садыктын ысымы берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри И.Төлөновко жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамына ылайык, Базар-Коргон шаарынын мэриясынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы жооптуу катчынын у.м. аткаруучуга милдеттендирилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары А. Сулаймановага жүктөлсүн.

**Базар-Коргон шаар**
**кеңешинин төрагасы:** **Садыков З.Ш.**